# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2016-жылдын 16-декабры № 201

## Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө

Ушул Мыйзам мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкактарында ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн адамдарга консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүлөргө байланышкан мамилелерди жөнгө салат жана Кыргыз Республикасында мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумун уюштуруунун жана иштөөсүнүн укуктук негиздерин белгилейт.

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдар**

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынанегизденет, ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

**2-берене. Ушул Мыйзамдын адамдарга карата колдонулушу**

Ушул Мыйзамдын колдонулушу ушул Мыйзамда каралган учурларда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга муктаж болгон Кыргыз Республикасынын жарандарына, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга жайылтылат.

**3-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат**

1. Кыргыз Республикасы ушул Мыйзамда каралган учурларда бардык адамдардын юридикалык жардамга бирдей жеткиликтүүлүгүн кепилдейт.

2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын укуктарынын кепилдигин ишке ашыруу

максатында жүзөгө ашырылуучу уюштуруу-укуктук, социалдык-экономикалык, маалыматтык, контролдук жана башка чаралардын жыйындысы менен камсыз кылынат.

**4-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (МКЮЖ)** - ушул Мыйзамга ылайык жеке жактарга көрсөтүлүүчү консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам;

2) **консультациялык-укуктук жардам** - Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, укуктарды соттук жана соттон тышкаркы тартипте ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо; укуктук маселелер боюнча консультацияларды берүү; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардамдашуу; квалификациялуу юридикалык жардам аныктамасына жатпай турган жардамдардын башка формалары;

3) **квалификациялуу юридикалык жардам** - жарандык, административдик жана жазыктык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында жарандык, административдик жана жазыктык иштер боюнча адамдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарына мамлекеттин эсебинен өкүлчүлүк кылуу жана/же коргоо боюнча адвокаттын кесиптик иши;

4) **арыз ээси** - өзүнүн кызыкчылыктарында же башка жактардын кызыкчылыктарында мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган жак;

5) **алуучу** - ушул Мыйзамда белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берилген жеке жак;

6) **мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын тутуму** - ушул Мыйзамга ылайык мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана жактар тарабынан мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүсүн жана көрсөтүүсүн уюштуруу.

Алардын өз ара аракеттенүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат;

7) **ыйгарым укуктуу орган** - мамлекет кепилдеген юридикалык жардам чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укуктар берилген мамлекеттик орган;

8) **ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор** - мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү боюнча адистешкен мекеме;

9) **координатор** - квалификациялуу юридикалык жардам берүү максатында арыз ээси менен адвокаттын ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрдү камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамы.

**5-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын принциптери**

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) мыйзамдуулук;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга муктаж болгон жеке жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү жана сапаттуулугу;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүнүн купуялыгы;

5) юридикалык жардам көрсөтүүнүн жана мыйзамдардын жана кесиптик этиканын ченемдеринин талаптарын сактоонун сапатына мамлекеттик контролдун натыйжалуулугу.

**6-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын түрлөрү**

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам консультациялык-укуктук жардам жана квалификациялуу юридикалык жардам түрүндө көрсөтүлөт.

2. Консультациялык-укуктук жардам төмөнкүдөй түрдө көрсөтүлөт:

1) укуктук маалымат;

2) укуктук маселелер боюнча консультацияларды жана түшүндүрмөлөрдү берүү;

3) арыздарды, даттанууларды жана укуктук мүнөздөгү башка документтерди түзүү (буга процесстик мүнөздөгү документтер кирбейт);

4) жактын квалификациялуу юридикалык жардамга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жардам көрсөтүү;

5) укуктук жардамдын башка формалары.

3. Квалификациялуу юридикалык жардам жарандык, административдик жана жазыктык сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө төмөнкүдөй түрдө көрсөтүлөт:

1) укуктук маалымат;

2) укуктук маселелер боюнча консультацияларды жана түшүндүрмөлөрдү берүү;

3) процесстик мүнөздөгү арыздарды, даттанууларды, документтерди жана укуктук мүнөздөгү башка документтерди түзүү;

4) жарандык, административдик жана жазыктык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында жарандык, административдик жана жазыктык иштер боюнча өкүлчүлүк кылуу жана/же коргоо.

## 2-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алууга укуктуу адамдар

### 7-берене. Консультациялык-укуктук жардамды алууга укуктуу адамдар

Консультациялык-укуктук жардамды алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандары, чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана качкындар укуктуу.

### 8-берене. Квалификациялуу юридикалык жардамды алууга укуктуу адамдар

1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, жарандык, административдик жана жазыктын сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 эсе өлчөмүнөн ашпаган доогерлерге, жоопкерлерге, шектүүлөргө, айыпталуучуларга, соттолуучуларга, соттолгондорго, акталгандарга, жабырлануучуларга, жашы жете элек күбөлөргө берилет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жылдык кирешесин эске албастан, квалификациялуу юридикалык жардам төмөнкүлөргө берилет:

1) адамдарга кармалган учурларда;

2) өзгөчө оор кылмыш жасады деп шектелгендерге, айыпталуучуларга, соттолуучуларга;

3) I жана II топтогу майыптуулугу бар адамдарга;

4) психикалык оорудан жабыркаган адамдарга;

5) Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңдештирилген адамдарга;

6) жашы жете электерге - алардын кызыкчылыктарында, алардын ата-энелерине (камкорчуларына жана камкордукка алгандарга) - балдардын кызыкчылыктарында;

7) жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялап жаткан жалгыз бой энелерге;

8) энеси жок жашы жете элек баланы/балдарды тарбиялаган адамдарга - балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана коргоого байланыштуу маселелер боюнча;

9) мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына;

10) мамлекеттик жатак-үйлөрдө жашаган кары-картаңдарга;

11) жазык-процесстик мыйзамдарда каралган башка учурларда.

### 9-берене. Арыз ээсинин укуктары жана милдеттери

1. Арыз ээси төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ушул Мыйзамда каралган тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берилиши үчүн кайрылууга;

2) өзүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндө, ошондой эле жазуу жүзүндө жана оозеки формаларда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө толук маалымат алууга;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү канааттандыруу же болбосо андан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө чечимди алууга;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө купуялыкка;

5) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө арызды кабыл алуудан жана жардам берүүдөн баш тартылганда ыйгарым укуктуу органга же сотко даттанууга.

2. Арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп саналган анык жана зарыл маалыматтарды өз убагында берүүгө;

2) арыз берүүгө негиз болгон жарандык, административдик жана/же жазыктык иш боюнча адвокаттын бар экендиги жөнүндө маалыматты өз убагында берүүгө.

**10-берене. Алуучунун укуктары жана милдеттери**

1. Алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды өз убагында алууга;

2) мыйзамда белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү жана көрсөтүү үчүн жооптуу жактардын аракетине (аракетсиздигине) даттанууга;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алуудан баш тартууга;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө купуялыкка.

2. Алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнүн шарттарына таасир тийгизген жагдайлардын өзгөрүшү жөнүндө өз убагында кабарлоого;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө негиз болгон анык жана зарыл маалыматтарды өз убагында берүүгө;

3) ушул Мыйзамга ылайык материалдык жана социалдык абал жөнүндө берилген маалыматтардын анык эмес экендиги белгиленген учурда чыгымдардын ордун толтурууга.

## 3-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү

**11-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдарды берүүчү жана көрсөтүүчү субъекттер**

1. Консультациялык-укуктук жардам төмөнкүлөр тарабынан берилет:

1) мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин тиешелүү кызмат адамдары;

2) адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар.

2. Квалификациялуу юридикалык жардам квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестрине киргизилген адвокаттар тарабынан көрсөтүлөт, аны жүргүзүүнү ыйгарым укуктуу орган жана ыйгарым укуктуу орган менен келишим түзгөндөр жүзөгө ашырат.

Келишимде мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн сапатынын стандарттары камтылууга тийиш. Анын формасы Адвокаттардын кеңеши тарабынан иштелип чыгылат.

**12-берене. Консультациялык-укуктук жардам берүүнүн тартиби**

1. Мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин кызмат адамдары тарабынан алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө укуктук консультация жана түшүндүрмө түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте консультациялык-укуктук жардам берилет.

2. Адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана жеке жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Мыйзамда каралган консультациялык-укуктук жардамдын бардык түрлөрү берилет.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу түзө алат.

**13-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн тартиби**

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн субъекттери катары адвокаттар ушул Мыйзамда, "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген учурларда жана тартипте чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтөт.

2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүгө адвокаттардын катышуусу областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү координациялоо боюнча борбор менен өз ара аракеттенген аймактык адвокатуралары тарабынан камсыз кылынат.

Айылдык калктуу конуштарда адвокаттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүшү областтардын тиешелүү аймактык адвокатуралары тарабынан Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борбордун аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракетте камсыз кылынат.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумуна катышкан адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө жобо Адвокаттар кеңеши тарабынан иштелип чыгат жана анын чечими менен бекитилет.

3. Областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын аймактык адвокатуралары мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумуна катышкан адвокаттардын тизмесин Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун аймактык бөлүмдөрүнө жыл сайын жөнөтөт.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумуна катышкан адвокаттардын тизмелери ыйгарым укуктуу органдын жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын расмий интернет-сайттарына жайгаштырылат.

4. Ыйгарым укуктуу орган квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө адвокаттар менен келишимди жыл сайын түзөт.

**14-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө катышкан адвокаттын укуктары жана милдеттери**

1. Адвокат төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы ыйгарым укуктуу орган жана адвокаттардын кесиптик уюму тарабынан кабыл алынуучу чечимдер жөнүндө маалымат алууга;

2) көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам үчүн мамлекеттик бюджеттен акы алууга;

3) ыйгарым укуктуу органга жана сотко арыздар жана даттануулар менен кайрылууга;

4) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарга.

2. Адвокат төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) квалификациялуу юридикалык жардамды өз убагында көрсөтүүгө;

2) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн салатынын стандарттарын сактоого;

3) купуялыкты сактоого;

4) арыз ээсине жана алуучуга алардын укуктары жана милдеттери, квалификациялуу юридикалык жардам алуунун шарттары жана тартиби жөнүндө толук маалымат берүүгө;

5) квалификациялуу юридикалык жардам кызмат көрсөтүүлөрүнүн регистрин жүргүзүүгө.

**15-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда адвокат тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам кызмат көрсөтүүлөрүнүн регистри**

1. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүчү адвокат ага өткөрүлүп берилген иштердин негизинде же ага байланыштуу аткарылган бардык аракеттердин жазуу жүзүндөгү далилдерин сактоого милдеттүү.

2. Адвокат квалификациялуу юридикалык жардам кызмат көрсөтүүлөрүнүн регистрин (мындан ары - регистр) жүргүзүүгө милдеттүү, ага юридикалык жардам үчүн кайрылган адамдын жеке маалыматтары, күнү, орду, тараптар, башка зарыл маалыматтар, аракеттерди аткарууга кетирилген сааттардын саны жана башка маанилүү көрсөтмөлөр көрсөтүлүү менен жүргүзүлгөн процесстик аракеттер киргизилет. Адвокат регистрге бардык аракеттерди алар аткарылган күндөн тартып 3 жумушчу күндөн кечиктирбестен киргизүүгө милдеттүү.

3. Регистрдин тартиби, формасы жана маалыматтарды сактоо мөөнөтү Адвокаттар кеңеши менен бирдикте иштелип чыгылат жана ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.

4. Адвокаттар жыл сайын же ыйгарым укуктуу органдын суроо-талабы боюнча квалификациялуу юридикалык жардам кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө маалымат беришет.

**16-берене. Адвокатка карата колдонулуучу таасир көрсөтүү чаралары**

Адвокат ушул Мыйзамдын талаптарын бузганда ыйгарым укуктуу орган төмөнкүдөй таасир көрсөтүү чараларын колдонот:

1) адвокатты квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдөн убактылуу четтетүүнү;

2) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимди бузууну;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таасир көрсөтүүнүн башка чараларын.

**17-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимди токтото туруу жана мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринен адвокатты чыгаруу жөнүндө келишимди токтото туруу үчүн негиздер**

1. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин колдонулушу ыйгарым укуктуу орган тарабынан төмөнкүдөй учурларда токтото турулушу мүмкүн:

1) адвокат тарабынан арыз берилгенде;

2) адвокатка карата сотко чейинки өндүрүш болгондо.

2. Адвокат квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринен ыйгарым укуктуу орган тарабынан төмөнкүдөй учурларда чыгарылат:

1) адвокат арыз бергенде;

2) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишим бузулганда;

3) адвокат адвокаттык иш менен алектенүү укугунан ажыратылганда;

4) адвокат каза болгондо.

3. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринен чыгаруу жөнүндө чечим адвокат тарабынан сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

## 4-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды башкаруу жана аны координациялоо

### 18-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды башкарууга катышкан органдар

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды башкарууга катышуучу органдар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) ыйгарым укуктуу орган;

2) Адвокаттар кеңеши.

### 19-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестри

1. Ыйгарым укуктуу орган квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу болгон Адвокаттардын мамлекеттик реестрин жүргүзөт.

2. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестри кагаз жана электрондук формаларда түзүлөт жана ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтына жайгаштырылат.

3. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн адвокат ыйгарым укуктуу органга арыз берет.

### 20-берене. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борборду түзөт жана анын укуктук статусун, ал тарабынан иштерди жүзөгө ашыруу тартибин Адвокаттар кеңешинин сунуштарын эске алуу менен аныктайт.

2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун координаторлору арыз берүүчүлөрдүн жана мындай жардамды көрсөтүүчү адвокаттардын ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрдү камсыз кылат.

3. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун координаторунун иш-милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө арыздарды кароо;

2) юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттарды дайындоо;

3) арыз ээсинин кирешесинин деңгээлин ырастоо үчүн маалыматтарды чогултуу;

4) юридикалык жардам берүү, андан баш тартуу жана токтотуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгаруу;

5) жер-жерлерде адвокаттардын кезметчилигинин графигин түзүү жана жүргүзүү;

6) белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын ишинин мониторинги;

7) ушул Мыйзамга ылайык башка иш-милдеттер.

### 21-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам берүү тутумуна Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын катышуусу

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы квалификациялуу юридикалык жардам берүү тутумуна төмөнкүдөй жолдор менен катышат:

1) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин формасын иштеп чыгуу;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумуна катышуучу адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;

3) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөткөн адвокаттардын ишинин сапатынын жана бааланышын стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү;

4) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын эмгегине акы төлөө тарифтерин жана шарттарын иштеп чыгуу;

5) квалификациялуу юридикалык жардам берүүчү адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн регистрин жүргүзүүнүн тартибин жана формасын жана маалыматтарды сактоо мөөнөтүн ыйгарым укуктуу орган менен бирдикте иштеп чыгуу;

6) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин мониторинги;

7) аймактык адвокатуралардын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор жана анын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүлөрү;

8) ушул Мыйзамга жана адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка иш-милдеттерди аткаруу.

2. Ыйгарым укуктуу органдын сунуштоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы адвокаттар кесиптик этиканын эрежелерин бузгандыгы жөнүндө арыздарды жана даттанууларды карайт.

## 5-глава. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүнүн жана каржылоонун тартиби

### 22-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүнүн тартиби

1. Квалификациялуу юридикалык жардам алууга арыз ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген форма боюнча берилет.

2. Адвокатты дайындоо координатор тиешелүү арызды алган учурдан тартып токтоосуз жүзөгө ашырылат.

3. Кылмыш жасады деген шектенүүлөр боюнча кармалган адам жазыктык куугунтуктоо органы тарабынан ал иш жүзүндө кармалган учурдан тартып адвокат менен камсыз кылынат.

4. Адвокат координатор тарабынан түзүлгөн адвокаттардын кезметчилик графигине ылайык квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринин ичинен дайындалат.

**23-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам алууга адамдын укугун ырастоо тартиби**

1. Квалификациялуу юридикалык жардам алууга адамдын укугун ырастаган документтердин тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

2. Ушул Мыйзамдын 8-беренесинде көрсөтүлгөн адамдарга карата адвокат дайындалган учурдан тартып 3 күндөн кечиктирбестен координатор арыз ээсинин жана/же алуучунун кирешесинин деңгээлин ырастоо үчүн социалдык фонддун органдарына, салык органдарына, башка уюмдарга жана мекемелерге суроо-талаптарды жөнөтөт.

3. Суратылып жаткан маалымат координаторго 10 жумушчу күндүн ичинде бекер негизде берилет. Суратылып жаткан маалымат берилбеген жана/же өз убагында берилбегенде кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**24-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүдөн баш тартуу үчүн негиздер**

1. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүдөн баш тартылат, эгерде:

1) адамдын жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү эң аз эмгек акысынын 60 эсе өлчөмүнөн ашса;

2) жак тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүшүнө негиз болгон анык эмес маалымат берилсе.

2. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүдөн баш тартуу ыйгарым укуктуу органга же сотко даттанылышы мүмкүн.

**25-берене. Адвокатты алмаштыруу**

Координатордун чечими боюнча адвокат төмөнкүдөй учурларда алмаштырылат:

1) мурдагы адвокаттан баш тартуу жөнүндө же адвокатты алмаштыруу жөнүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуучудан жазуу жүзүндө жүйөлөштүрүлгөн арыз келип түшкөндө;

2) адвокат квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдөн четтетилгенде;

3) адвокат квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестринен чыгарылганда;

4) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин колдонулушу токтотулуп турганда.

**26-берене. Квалификациялуу юридикалык жардамды токтотуу**

1. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү төмөнкүдөй учурларда токтотулат:

1) алуучу квалификациялуу юридикалык жардам алуу үчүн анык эмес маалымат бергенде;

2) алуучунун квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жокко чыгарган каржылык абалы өзгөргөндө;

3) алуучу квалификациялуу юридикалык жардамдан жазуу жүзүндө баш тартканда.

2. Квалификациялуу юридикалык жардамды токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органга же сотко даттанылышы мүмкүн.

**27-берене. Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды каржылоо**

1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды каржылоо мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан жүзөгө ашырылат.

Квалификациялуу юридикалык жардамды каржылоо мамлекеттик бюджетте өзүнчө сап менен көрсөтүлөт.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын иши квалификациялуу юридикалык жардамга каралган мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан каржыланат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Адвокаттар кеңешинин катышуусу менен адвокат тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамга акы төлөөнүн тарифин жана тартибин бекитет.

3. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө акы төлөө ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Квалификациялуу юридикалык жардам жана анын өнүктүрүүгө байланышкан иш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржыланышы мүмкүн.

**28-берене. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө байланышкан чыгымдарды кайра кайтаруу жана ордун толтуруу тартиби**

1. Ушул Мыйзамдын 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү токтотулган учурда, мурда көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамга байланышкан бардык чыгымдар алуучудан өндүрүп алынат.

2. Адам мурда адвокат тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамга байланышкан чыгымдардын ордун толтуруудан баш тарткан учурда, мамлекеттик чыгымдарды өндүрүп алуу үчүн координатор прокурорго сот тартибинде тиешелүү өтүнүч жөнөтөт.

## 6-глава. Корутунду жоболор

**29-берене. Өтмө жоболор**

Ушул Мыйзам мыйзамдуу күчүнө кириши менен чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын жарандык жана административдик сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктарын караган кабыл алынган жоболор 2018-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**30-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы № 227 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 737-ст.) күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- 3 айлык мөөнөттө Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борборду Адвокаттар кеңешинин ишин уюштуруу боюнча сунуштоолорду эске алуу менен түзсүн;

- ушул Мыйзамдын жоболорунун ишке ашырылышын камсыз кылуучу чараларды көрсүн жана өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

- жарандык жана административдик иштер боюнча жарандардын айрым категорияларына квалификациялуу юридикалык жардам берүү жаатында мыйзамдуу сунуштарды 2017-жылдын 1-январына чейин киргизсин;

- республикалык бюджетти иштеп чыгууда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумун каржылоо үчүн жетиштүү каражаттарды жыл сайын карасын;

- мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун субъекттеринин өз ара аракеттенүүлөрүнүн тартибин камсыз кылсын;

2) Адвокаттар кеңеши 3 айлык мөөнөттө:

- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун ишин жүзөгө ашыруунун тартиби боюнча сунуштоолорду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берсин;

- мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкагында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин формасын иштеп чыксын жана ыйгарым укуктуу органдын бекитүүсүнө киргизсин;

- ыйгарым укуктуу орган менен бирдикте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкагында квалификациялуу юридикалык жардам берүүчү адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн регистрин жүргүзүү тартибин жана формасын иштеп чыксын;

- мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумуна катышуучу адвокаттарды тандоонун критерийлери жөнүндө жобону иштеп чыксын жана бекитсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**